**Тарых жана чөлкөм таануу институтунун Илимий-изилдөөчүлүк, санариптик жана музей билим-берүүчүлүк борборунун 2024 – жылга карата жүргүзгөн ишинин отчету**

1. Илимий изилдөөчүлүк, санариптик жана музей билим берүүчүлүк борбору «МИР Восток» коомдук фонду менен бирлгеликте Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун студенттеринин арасында “XIX-XXI кылымдардагы орус-кыргыз мамилелери: негизги аспектилери” аталышындагы курстук жана квалификациялык иштердин арасында конкурс өткөрүлдү. 2024-жылдын 25-апрелинде Ж.Баласагын КУУнун Чон жыйындар залында конкурстун финалдык этабы болуп өттү. Жалпысынын ага өлкөнүн Талас, Нарын, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Ысык-Көл жана Бишкек сыяктуу аймактарынан 16 ЖОЖдун студенттери катышкан. Бул сынак жыл сайын өткөрүлүп турмакчы.
2. Борбордун кызматкерлери т.и.д., профессор Батырбаева Ш.Д., т.и.к., доцент Жумалиева С.Ч., окутуучу Кадыралиева М.К. 2024-жылдын 10 февраль - 17 мартында, Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун студенттеринин арасында мыкты курстук жана дипломдук иштерге Улуттук сынактын алкагында тренинг өткөрүштү.
3. Илимий-изилдөөчүлүк, санариптик жана музейдик-билим берүү борборунун “Кимё” Ташкент эл аралык университетинин тарых кафедрасы менен кызматташуусунун негизинде борбордун илимий кызматкерлери т.и.к., доцент Жумалиева С.Ч., ага окутуучу Сайпидинова К.С. 2024-жылдын 3-4 майында Ташкент шаарында өткөн эл аралык илимий практикалык конферецияга катышып келишти. Жыйынтыгында университеттин журналына макалалары жарык көрдү.
4. Борбордун илимий кызматкери окутуучу Касымкулов К.Н. 2024-жылдын 16- 22-майына чейин Москва, Барнаул жана Тоолуу Алтай шаарларында болуп өткөн “Жаңы муун” программасынын негизинде «Азиянын жаш лидерлери» мектебин.
5. Илимий изилдөөчүлүк, санариптик жана музей билим берүүчүлүк борбор тарабынан Кара кыргыз автономиялуу облусунун 100 жылдыгына арналган
   Кыргызстан – мамлекеттүүлүктүн урунттуу учурлары (РСФСРдын Кара-Кыргыз автономиялык облусунун түзүлүшүнүн 100 жылдыгына карата) аталыштагы эмгек басылып чыгып, 2024-жылдын 4-октябрында ачылышы болуп өттү.
6. Борбордун илимий кызматкери Кадыралиева М.К. 2024-жылдын 30-сентябрынан 20-октябрына чейин Москва шаарында Байланыштарды өнүктүрүү боюнча Улуттук изилдөө институту (НИРК) тарабынан уюштурулган Эл аралык академиялык мобилдүүлүк программасына катышты. Программанын максаты –Россия Федерациясынын Жогорку

аттестациялык комиссиясынын тизмесине кирген “Россия жана дүйнө. Илимий диалог” журналына макала жарыялоо.

7. Борбордун жетекчиси профессор Батырбаева Ш.Дж. 2024-жылдын 7–13-октябрында Санкт-Петербург мамлекеттик университетинде болуп өткөн Үчүнчү Эл аралык Санкт-Петербург тарыхый форумуна катышты. Докладдын темасы: «Михаил Васильевич Фрунзе жана анын Кара-Кыргыз автономиялуу областынын түзүлүшүндөгү жана кыргыз элинин улуттук өзүн-өзү идентификациясынын өнүгүшүндөгү ролу».
8. 2025-жылы атактуу аскер башчы М.В.Фрунзенин 140 жылдыгы болот. Илимий-изилдөөчүлүк, санариптик жана музей билим-берүүчүлүк борбору жана Алтай мамлекеттик университети (Барнаул ш.) менен бирдикте “Жашоо жана күрөш: М.В.Фрунзенин өмүрү жана согуш жолундагы негизги барактары” аталышындагы онлайн долбоордун үстүндө иштеп жыйынтыгында маалыматтык ресурстук сайт ишке кирди. (https://frunze.hist.asu.ru/). Борбордун жетекчиси проф.Батырбаева Ш.Дж. Алматы шаарынын архивдеринде, илимий кызматкерлер Орозахунова З.Ж., Жумалиева С.Ч., Кадыралиева М.К. Кыргыз Республикасынын аймагында архив, китепканаларда иштеп материалдар чогултулду.
9. Азербайджан мамлекеттик университети менен борбордун өз ара байланышынын негизинде Кыргыз Республикасынын архивдеринен маалыматтар чогултулуп берилди.
10. Борбордун кызматкерлери Батырбаева Ш.Д., Жумалиева С.Ч., Орозахунова З.Ж., Кадыралиева М.К. 2024-жылдын 15-17-ноябрында Москвада, Президенттик Академияда «Тарых жана компьютер» бирикмеси тарабынан уюштурулган “АЗЫРКЫ ТАРЫХЫЙ ИНФОРМАТИКА: ТАРЫХЫЙ ИЗИЛДӨӨДӨГҮ МААЛЫМАТТАРДЫН АНАЛИТИКАСЫ” аттуу эл аралык илимий конференцияга онлайн режиминде катышты. Докладдын темасы: “Заманбап чакырыктар жана мультимодалдык санариптик ресурстарды түзүү көйгөйлөрү: М.В. Фрунзе жөнүндө тарыхый жана билим берүү порталын иштеп чыгуу тажрыйбасы”.

**Борбордун жетекчиси,**
**т.и.д., профессор** **Батырбаева Ш.Дж.**